| | «Акча Булак» МКК» ЖЧКнын жеке жактарга кызмат көрсөтүүлөрүнүн тарифтери жана шарттары. | | | |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Кредиттик өнүм | **"Айлыкка чейин"** | **"Кийин төлө"** | **"Бөлүп төлөөгө Самсунг"** |
| 2 | Кредиттин түрү | Керектөө кредити | Кредиттик линия | Керектөө кредити |
| 3 | Потенциалдуу кардарлар | Кредиттик келишимдин мөөнөтү аяктаган учурга карата 18 жашка чыккан жана 70 жаштан улуу эмес жеке жактар, КРдин жарандары | | |
| 4 | Кредиттин максаты | Кайсы болбосун керектөө максаттары | www.akchabulak.kg расмий сайтында жана Мой О! мобилдик тиркемесинде жайгаштырылган тизмеге ылайык, керектөө максаттарында сатуучулардан товарларды жана/же кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуу. | www.akchabulak.kg расмий сайтында жана/же Мой О! мобилдик тиркемесинде жайгашкан тизмеге ылайык, Өнөктөштөрдүн сатуу түйүндөрүнөн "Самсунг" телефондорун сатып алуу. Кредит боюнча сатып алуу үчүн жеткиликтүү телефондордун моделдеринин тизмеси Өнөктөштөр тарабынан өз алдынча аныкталат. |
| 5 | Кредиттин суммасы | 1000 сомдон 14 000 сомго чейин | 1) Видео байланыш аркылуу аралыктан идентификациядан өткөн МККнын кардарлары үчүн кредиттик линиянын өлчөмү: - 2000 сомдон 15000 сомго чейин;<br><br>2) Кардардын жеке катышуусунда идентификациядан өткөн МККнын кардарлары үчүн кредиттик линиянын өлчөмү:<br>- 2000 сомдон 15000 сомго чейин;<br>- Бардык операциялар боюнча жүгүртүү менен КРУБдун максималдуу чектөөсүндө аныкталган өлчөмдө белгиленет.<br><br>3) Бир убакта иштеген транштардын көлөмү кредиттик линиянын өлчөмдөрү менен чектелген.<br>- Транштардын саны чектелген эмес.<br>- Минималдуу бир жолку транш 200 сом<br>- Максималдуу бир жолку транш кардарда ачылган кредиттик линиянын өлчөмүнө барабар. | 3 000 сомдон 40 000 сомго чейин |
| | | Видео байланыш аркылуу аралыктан идентификациядан өткөн кардарлар үчүн бир айдын ичинде бардык операциялар боюнча жүгүртүү 30 000 сомго чейин | | |
| 6 | Кредиттин валютасы | Кыргыз сому | Кыргыз сому | Кыргыз сому |
| 7 | Кредиттин мөөнөтү | 7 / 14 күн | 1) Кредиттик линиянын мөөнөтү:<br>- Кредиттик келишимди түзгөн күндөн тартып 60 ай<br>2) Кредиттик линиянын алкагындагы Транштын мөөнөтү:<br>- Траншты колдонгон күндөн кийинки күндөн тартып 7 күн | 12 ай |
| 8 | Жылдык пайыздык чен | **0,09% күнүнө 32,85% жылына** | 0% | 0% |
| 9 | Натыйжалуу пайыздык чен | **38,60% баштап до 38,75% чейин** | 0% | 0% |
| 10 | Кредит берүү үчүн комиссия | 0% | 0% | 0% |
| 11 | Үчүнчү жактардын пайдасына төлөмдөр (камсыздандыруу, нотариустун кызмат көрсөтүүлөрү, мамлекеттик органдарга катталуу кызмат көрсөтүүлөрү үчүн төлөмдөр, кредитти накталай эмес которууга, анын ичинде коммерциялык банктарда ачылган карыз алуучунун эсептерине коммерциялык банктын тарифтерине ылайык которууга байланыштуу МККнын чыгымдары, ошондой эле онлайн өтүнмөлөр боюнча мобилдик жана веб тиркемелерди колдонуу боюнча үчүнчү жактардын пайдасына төлөмдөр). Бул чыгымдар үчүнчү жактардын пайдасына Карыз алуучу тарабынан иш жүзүнө ашырылат. | 1) Карыз алуучунун эркин билдирүүсү боюнча анын электрондук капчыгына же Кыргыз Республикасынын коммерциялык банктарында ачылган эсептешүү эсептерине кредитти дароо накталай эмес которууга байланыштуу онлайн өтүнмөлөр боюнча мобилдик тиркемелерди жана веб-сайттарды колдонуу боюнча үчүнчү жактардын пайдасына төлөм:<br>- **7 күндүк** мөөнөткө кредит үчүн – кредит алууга өтүнмөдө көрсөтүлгөн суралган кредиттин суммасынан **2,5%** (Карыз алуучуга анын тапшырмасы боюнча анын электрондук капчыгына же Кыргыз Республикасынын коммерциялык банктарында ачылган эсептешүү эсептерине Кредиттик келишим боюнча МККдан кредит берүүнүн алкагында)<br>- **14 күндүк** мөөнөткө кредит үчүн – кредит алууга өтүнмөдө көрсөтүлгөн суралган кредиттин суммасынан **5%** (Карыз алуучуга анын тапшырмасы боюнча анын электрондук капчыгына же Кыргыз Республикасынын коммерциялык банктарында ачылган эсептешүү эсептерине Кредиттик келишим боюнча МККдан кредит берүүнүн алкагында) | колдонулбайт | Колдонулбайт |
| | | 2) Аппараттык-программалык комплекс аркылуу келишимдин шарттарын өзгөртүүнү, так айтканда анын мөөнөтүн өзгөртүүнү генерациялоо учурунда онлайн өтүнмөлөр боюнча мобилдик тиркемелерди колдонуу боюнча үчүнчү жактардын пайдасына төлөм:<br>**7 күнгө / 14 күнгө / 28 күнгө : 100 сом** | | |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 12 | Кардардын арызы боюнча келишимдин шарттарын өзгөртүү үчүн комиссия (Улуттук банктын ченемдик укуктук актыларынын талаптарына ылайык кредитти кайра түзүмдөштүрүү учурларынан тышкары) | Төлөө датасы:<br>**7 күнгө** өзгөртүлгөн учурда:<br>узартуу учуруна карата кредиттин негизги суммасынын калдыгынан<br>**6,34%** өлчөмүндө,<br>**14 күнгө** - **12,69%** өлчөмүндө,<br>**28 күнгө** - **22,78%** өлчөмүндө,<br>ушуну менен бирге дата узартылган учурда кредиттин мөөнөтү узартылышы мүмкүн;<br><br>Баштапкы төлөө күнү ал өткөндөн кийин өзгөртүлгөн учурда, кредиттин негизги суммасы боюнча төлөмдөрдүн мөөнөтүн өткөргөндүгү үчүн Айып төлөнүшү керек | Траншты төлөө күнүнө карата абал боюнча колдонулган транш боюнча карыздын калдыгынын 4%. Узартууну Кредиттик транш берилгенден кийин каалаган күнү, бирок төлөө мөөнөтү башталганга чейин төлөсө болот.<br><br>Узартууну санап баштоо транштын мөөнөтүн узартуу үчүн төлөм күнүнө карабастан, төлөөнүн баштапкы белгиленген күнүнөн кийинки күнү башталат. | Колдонулбайт |
| 13 | Менчик каражаттар/Баштапкы төгүм | колдонулбайт | колдонулбайт | *Үстөк бааны эске алуу менен товардын наркынан 0%дан жогору. Кредиттин суммасына кирбейт.. |
| 14 | Кредитти төлөө | Мөөнөттүн аягында (негизги сумма плюс иш жүзүндө чегерилген пайыздар)<br><br>Кредитти төлөө:<br>- О!Деньги Төлөм Тутумунун электрондук капчыгы аркылуу<br>- О!Деньги төлөм терминалдары жана башка Төлөм Тутумдарынын төлөм терминалдары аркылуу<br>Үчүнчү жактар менен иш мамилелери түзүлгөн учурда, комиссиялар үчүнчү жактар тарабынан белгиленет | Төлөө күнү болуп траншты колдонгон күндөн кийинки күнү эсептөөсүнүн башталышы башталган транштын мөөнөтү бүткөн күндөн кийинки күн саналат.<br>Эгерде төлөө күнү майрам жана/же иш эмес күндөргө түш келип калган учурда, төлөөнү майрам жана/же иш эмес күндөн кийинки күндүн ичинде жүргүзүү зарыл.<br><br>1) Траншты төлөө:<br>- четтик ТТнын агрегациясы аркылуу<br>- терминалдар (ички/четтик тутумдардын)<br>Үчүнчү жактар менен иш мамилелери түзүлгөндө комиссия үчүнчү жактар тарабынан белгиленет<br>2) Траншты мөөнөтү бүткөндө:<br>- четтик ТТ аркылуу агрегацияда<br>- өзүн өзү тейлөө төлөм терминалы аркылуу.<br>Каражаттардын ашыкчасы пайда болгон учурда - кайрып берүү Кардарга идентификацияланган О!Деньги капчыгына чегерилет. | Ай сайын бирдей бөлүктөр менен төлөө.<br>- О!Деньги төлөм терминалдары жана башка Төлөм Системаларынын төлөм терминалдары аркылуу.<br>- Мой О! тиркемесиндеги О!Деньги бөлүмү (каталог) аркылуу<br>Үчүнчү жактар менен иш мамилелери түзүлгөн учурда, комиссиялар үчүнчү жактар тарабынан белгиленет |
| 15 | Камсыздоо | колдонулбайт | колдонулбайт | Сатып алынуучу телефондун Күрөө жөнүндө келишими жана Карыз алуучу тарабынан Кредит келишими боюнча төлөө графиги бузулган учурда системдик билдирүүлөрдү жөнөтүү аркылуу жана телефондун функцияларын убактылуу же туруктуу түрдө бөгөттөө аркылуу телефонду башкаруу мүмкүнчүлүгү. |
| 16 | Кредиттин негизги суммасы боюнча төлөмдөрдү төлөө мөөнөтүн өткөрүп жиберүү үчүн айып төлөм | Мөөнөтүн өткөрүп жиберүүнүн ар бир күнү үчүн кредит боюнча нак пайыздык ченге барабар өлчөмдө, ушуну менен бирге бүт мезгил үчүн чегерилген айып төлөмдөрдүн (туумдардын) максималдуу суммасы – берилген кредиттин суммасынын 20%нан ашык эмес | Мөөнөтүн өткөрүп жиберүүнүн ар бир күнү үчүн транштын төлөнбөгөн калдыгынын суммасынын 0,8% өлчөмүндө, бирок бир кредиттик линия боюнча берилген бардык транштардын суммасынын 20%нан ашык эмес. Кредиттик линия боюнча сарпталбаган лимит мөөнөтүн өткөрүп жиберүүнүн кайсы болбосун күнү кайсы болбосун активдүү транш боюнча бөгөттөлүшү мүмкүн. | Мөөнөтү өткөрүп жиберилген ар бир күн үчүн кредиттин калдыгынын 1% өлчөмүндө, бирок берилген кредиттин суммасынын 20%нан ашык эмес. |
| 17 | Акча каражаттарын алуунун альтернативдүү ыкмалары | "О!Банк" ААКтын кассаларында кредиттик каражаттарды накталай берүү:<br>- кредитти тариздөө – 5 иш күнүнө чейин<br>- үчүнчү жактардын пайдасына төлөмдөр – 0 сом | колдонулбайт | колдонулбайт |
| 18 | Пайыздар боюнча төлөмдөрдү төлөө мөөнөтүн өткөрүп жиберүү үчүн айып төлөм | колдонулбайт | | |
| 19 | Мөөнөтүнөн мурда төлөөнүн шарттары | Кайсы болбосун убакытта, кошумча комиссияларды алуусуз мөөнөтүнөн мурда төлөөгө жол берилет | | |
| 20 | Кредитти мөөнөтүнөн мурда төлөө үчүн айып төлөм | колдонулбайт | | |
| 21 | Кредит боюнча мөөнөт өткөрүлүп жиберилген учурда МКК тарабынан карыз алуучуга расмий билдирүүнү даярдоо үчүн комиссия, бир билдирүү үчүн | 500 сом | | |
| 22 | Кредит боюнча карыздын абалы, бары-жоктугу тууралуу маалымат каттарды, кредитке байланыштуу башка маалымат каттарды берүү үчүн комиссия | 500 сом | | |
| 23 | Күрөө камсыздоо боюнча документтердин түп нускаларынын топтомун өз убагында эмес кайтарып берүү үчүн (МКК тарабынан карап чыгууга тийиш болгон форс-мажордук кырдаалдарга жана башка объективдүү себептерине байланыштуу өз убагында эмес кайтарып берүү учурларынан тышкары) | колдонулбайт | | |
| 24 | Акча каражаттарын алгандан кийин кредиттик келишимди бузуу шарттары | Кредиттик келишим боюнча бардык милдеттенмелер аткарылып жабылган шартта айып төлөмсүз | | |
| 25 | Комиссиялык жана башка төлөмдөрдү, анын ичинде МККнын орду толтурулбаган чыгымдарын төлөө мөөнөтүн өткөрүп жиберүү үчүн айып төлөмсүз | колдонулбайт | | |
| 26 | Башка чыгымдар | колдонулбайт | | |
| * "Бөлүп төлөөгө Самсунг" өнүмү боюнча кардарлар үчүн баштапкы төлөм бөлүгүндөгү өзгөртүүлөр 01.11.2024-жылдан баштап күчүнө кирет. | | | | |